**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин эксперти, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.Э. Турусбекованын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Амираева Лайликан Авазовнанын «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт, доцент А.Э. Турусбекова изденүүчү Амираева Лайликан Авазовнанын «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Амираева Лайликан Авазовна тарабынан даярдалып сунушталган кандидаттык диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, алардын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жасалга-колдонмо искусствонун тарыхый өнүгүшүн жана жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун психология-педагогикалык аспектилерин теориялык талдоо.

2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн, педагогикалык шарттарын аныктап, моделин түзүү.

3. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Жогорку окуу жайдын студенттерин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын, илимий-теориялык жана методологиялык негиздерин аныктоо, аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү менен практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп белгилеген.

Диссертациялык иштин милдеттери негизинен изилдөөнүн максатына илимий жол менен жетүүгө, коюлган илимий божомолду туура чечүүгө жана ишке ашырууга багытталып алынган.

**Изилдөөнүн объектиси:** көркөм сүрөт жана жасалга-колдонмо өнөрү багытында билим алган студенттердин окуу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** келечектеги мугалимдердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү,

аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү менен практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Изилдөөнүн обьектиси диссертациянын максатына жетүүгө жана коюлган милдеттерине ылайыктуу туура алынган.

Изденүүчү тарабынан, дисертациялык изилдөө ишинин максатына жетүү жана милдеттертн ишке ашыруу үчүн педагогика илиминини негизги изилдөө методдору , жалпы логикалык, тарыхый-салыштырма, практикалык

изилдөө иштери аткарылган. Изилдөө методдорун колдонуу менен педагогикалык эксперимент жүргүзүлүп, текшерилип, жыйынтыгынын эффективдүүлүгү аныкталган.

“Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары”-темасында жазылган илимий иш- диссертация жалпы талаптарга ылайык жазылган жана тема бүгүнкү күндөгү эң актуалдуу тема экендигин белгилөөгө болот.

Азыркы күндө ар бир улут өз баалуулуктарын сактап калуу жана аны кийинки муундарга өткөрүп берүү максатын ишке ашыруу үчүн, ушул багытта кесип ээлерин тарбиялоо маселеси көтөрүлүп жатат. Диссертацияда белгиленгендей педагогика илиминде искусствонун чоң бир багыты катары жасалга-колдонмо искусство предмети аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү атайын изилдөө предмети катары караган илимий эмгектер аз. Бул багыттагы иштерди жандандыруу менен билим берүү процессине чоң салым кошуп, кантип, кандайча студенттерди педагогикалык ишмердүүлүккө, чыгармачылыкка, профессионалдуулукка шыктандыруу керек экендигин чечүүгө багытталган илимий ишти - баалуу изилдөө катары карасак болот.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн ишке ашыруунун педагогикалык шарттары, методикасы жана жолдору иштелип чыккандыгы, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан моделдин, эксперименталдык жактан текшерилип коюлган божомолдун далилендигин бул излдөөнүн натыйжалуулугун далилдейт.

**4.Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште билим берүүнүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык жана практикалык натыйжалар алынган:

**1-натыйжа.** Негизги улуттук баалуулуктар – тарых, каада-салт, элдик музыка, элдик педагогиканы бир катар эмгектерде ар кандай аспекттен, ар кандай өлчөмдө талдоо, учурдагы абалы жана өнүгүү келечеги тууралуу илимий-изилдөөлөрдү системалаштыруу;

2-**натыйжа.** Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, изилдөөнүн методологиясын, материалдарын жана методдорун аныктоо;

3-**натыйжа.** Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, анын келечек кесип ээлерине билим берүү процессиндеги ордун жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн илимий негиздөө;

4-**натыйжа.** Жогорку окуу жайында жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап,теориялык моделин жана ишке ашыруу технологиясын иштеп чыгуу;

5-**натыйжа.** Жогорку окуу жайында жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү педагогикалык экспериментте текшерүү, натыйжалуулугун аныктоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Алынган илимий натыйжалардын илимий жаңылыгы жана баалуулугу, илимий натыйжалардын алынышы жана алардын талдалышы, аргументтелип берилиши негиздүү жана квалификациялык белгилерге туура келет.

Изилдөөдөн алынган натыйжаларды жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү ишке ашыруунун стратегиясын иштеп чыгууда, илимий-теориялык негиздерин, практикалык жолдорун аныктоодо багыт берүүчү каражат катары колдонууга болот.

Илимий изилдөөдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун

компоненттери бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструментарий катары, бул багытта компетенциялары калыптанган студенттер жалпы билим берүүчү мектептерде, билим берүү борборлорунда, орто жана жогорку окуу жайларында көркөм-эстетикалык билим жана тарбия берүүгө даяр, болочок мугалимдерди даярдоодо пайдаланууга болот.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү **Амираева Лайликан Авазовнанын** диссертациялык ишинин авторефератынын жазылышы, изилдөө материалдарынын кыскартылып түшүнүктүү берилиши жана жыйынтыктоочу ой-пикирлери диссертациянын мазмунуна дал келет.

**6. Диссертацияда орун алган айрым мүчүлүштүктөр:**

**1.** 1. “Чыгармачылык” жана “Активдүүлүк” түшүнүгү-диссертациянын өзөгү, бирок бул түшүнүктүн мазмунуна илимий-педагогикалык жактан жана ага жетүүнүн жолдору (действие) , методикалык негиздери ачык жана толук берилбей калган.

**2.** Биздин оюбузча, иштелип чыккан жана сунушталган моделде студенттердин чыгармачылыкгын, активдүүлүгүн өнүктүрүүчү механизимдерди жетишсиз, илимий негизде кайрадан такталып жана негизделип чыгууну талап кылат.

3. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык аспектилери боюнча изилдөө жупунураак жана үстүртөн болуп калган.

4. 138-139 бететерде сабактын планында тажрыйбалык тапшырмалар, практикалык тапшырмалар деп берилген сабактын этаптары -сабактын жабдылышы менен алмашылып, усулдук жактан сабактын толук шилтемиси берилген эмес.

**1. Сунуштар.** Негизинен диссертациялык иш илимий жактан талап кылынган деңгээлде даярдалган. Биздин оюбузча,

1.Изилдөө методдорду сунуштоодо эски методдор менен катар Кыргызстандын билим берүү системасына кирген сынчыл ойломдон баштап STEMге чейинки студенттердин активдүүлүгүн, чыгармачылыгын өстүрүүгө багытталган методдорду алсаңыз диссертациялык иштин баалуулугу жогорулатат деп ойлойбуз.

2.Чыгармачылык өнүктүрүүгө күчтүү мотивация керек, ар бир студент келечекте алган кесибинен ийгиликке жеткиси келет, ошондуктан колдонмо-жасалга кол өнөрүн өркүндөтүп, ийгиликке жеткендер жөнүндө да мисалдарды кошуп койсонор абдан жакшы болот деген ойдобуз.

3.Азыркы жаштарды маалыматтык технологияларсыз элестете албайбыз, ошондуктан атайып программаларды сунуштап, М: камчы жасоо, боз үй жасоо ж.б. интернет булактарынан үйрөнүүнү сунуштасаңыз болот деп ойлойбуз.

4.”Жасалга-колдонмо искусство предметинин негизи –“ программасы боюнча 150 бетте “Студенттер үчүн өз алдынча иштери” - темалар берилген. Анда берилген тапшырмалар: 1. Темалар; 2. Иштин мазмуну деген 2 графадан турат, биздин сунуш дагы бир графа “менин чыгармачылык табылгаларым”деген графаны кошуу керек деп ойлойбуз, анткени илимий ишитин өзгүндө чыгармачылыкты, активдүүлүктү өнүктүрүү жатат. Ошондуктан чыгармачылык бул – жогорку баскычтагы ойлонуу, жаңыны жартуу эмеспи, буларды эске алуу менен диссертациялык иштин баалуулугу жогору болот деген ойдобуз.

**8. Корутунду.**

Диссертациялык кеңештин эксперти И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыгыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча берилген Амираева Лайликан Авазовнанын «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык

активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын илимий жактан талдап чыгып, алдын ала коргоого кабыл алууга сунуш кылат.

**Эксперт:**
Педагогика илимдеринин кандидаты,доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин
ККББИнун окутуучусу: Турусбекова А.Э.

Эксперт А.Э.Турусбекованын колун тастыктайм:
Кадрлар бөлүмүнүн башкы инспектору Сатыбалдиева Г.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ 08. 07. 2025-ж

Эксперт А.Э.Турусбекованын кол тамгасын тастыктайм. Диссеңдештин окум. катчысы Абдыкапарова А.А.